# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ

# "Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ" ИЛИМИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИ

| | |
|---|---|
| Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун<br>Окумуштуулар кеңешинде<br>каралып, бекитүүгө сунушталган<br>Протокол №__5__<br>"_31_"_____01_____2025-ж. | БЕКИТЕМ<br>Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун<br>ректору, т.и.д., профессор<br>К.Ж.Усенов ____________<br>"_03_"_____02_____2025-ж. |

# «БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН ЖЕТЕКЧИСИ ЖӨНҮНДӨ» ЖОБО

Жалал-Абад 2025

## 1.Жалпы жоболор

**1.1.**Жобо Кыргыз Республикасынын 11.08.2023 жылдагы «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана "Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети" илимий билим берүү өндүрүштүк комплексинин Уставына, КРнын Министрлер Кабинетинин 2024-хылдын 22-майы, №258 Кесиптик жогорку жана орто билим беруу чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө токтомунун жана КРнын Министрлер Кабинетинин 2024 -жылдын 24-сентябрындагы, № 590 Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынынишин жөнгө салган ченемдик укуктук актыларын бекитүү жөнүндө жана 2025-жылдын 10-июнундагы №329 , Кесиптик жогорку жана орто билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө,о.э. 2024-жылдын 8-июлундагы № 371 "Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын макетин бекитүү жөнүндө" токтомдоруна ылайык,ЖАМУда иштелип чыккан Жогорку жана орто кесиптик билим берүү боюнча негизги билим берүү программасы жөнүндөгү жобо таянып жасалды

**1.2.**Жобо Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде (мындан ары - ЖАМУ. Университет) ишке ашырылып жаткан негизги билим беруу программаларынын жетекчилерин (мындан ары - ББП жетекчиси) дайындоо тартибин. квалификациялык талаптарын. жоонкерчилигин, укуктарын жана функционалдык милдеттерин аныктайт.
**ББПнын жетекчисинин негизги максаты** — билим берүү программасын сапаттуу ишке ашырууну камсыз кылуу, студенттердин билим деңгээлин, компетенцияларын жана академиялык жыйынтыктарын жогорулатуу
**1.3**.ББПнын жетекчиси окуу процессинин сапатын камсыз кылууда, билим берүү программасын ишке ашырууну уюштурууда жана мониторинг жүргүзүүдө жооптуу адам болуп саналат.
1.4.Билим берүү программасынын жетекчилери ар бир окуу жылынын башталышында ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып,ректордун буйругу менен бекитилет

**1.4.**.Бакалавриаттын,магистратурунын жана адистиктин негизги билим беруу программасынын жетекчиси ушул билим беруу программасын ишке ашырууга катышкан, кафедранын илимий даражасы жана илимий наамы, илимий-педагогикалык, уюштуруучулук-усулдук тажрыйбасы бар илимий- педагогикалык кызматкерлеринин ичинен дайындалат.

**1.5.**.Профилдик багыттарда бакалавриат программасын ишке ашырууда, ар бир профилге өз-өзүнчө жооптуу программа жетекчиси дайындалат.

**1.6.**Колледждерде кесиптик негизги билим берүү прогпаммасынын жатекчиси предметтик циклдык комиссиянын утөрагалары болот.
**1.7.**Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинде киргизилет.

**2.ББПнын жетекчиси төмөнкү функцияларды аткарат:**

1. Билим берүү программасынын структурасын, мазмунун жана окуу планын иштеп чыгууга жана жаңылоого катышат.
2. Программанын мамлекеттик билим берүү стандартына,ЖАМУнун түзгөн билим берүү стандартына, эмгек рыногунун талаптарына жана стратегиялык өнүгүү планга шайкештигин камсыз кылат.

3. Окуу дисциплиналарынын жумушчу программаларынын (силлабустар) сапатын көзөмөлдөйт.
4. Программанын окуу процессин, практикаларын жана бүтүрүүчү квалификациялык иштерди уюштурат.
5. Студенттердин жетишкендиктерин баалоонун фондун (ФОС) жана индикаторлорун иштеп чыгууга катышат.
6. Билим берүү программасы боюнча окутуучулардын ишин координациялайт, методикалык жардам көрсөтөт.
7. Программанын берилген критерийи боюнча (Билим берүүпрограммасы жөнүндөгү жободо) ички мониторингин жүргүзөт (окуунун сапаты, студенттердин катышуусу, жыйынтыктар, баалоо системасы).
8. Иш берүүчүлөр жана бүтүрүүчүлөр менен байланыш түзүп, алардын пикирлерин талдайт.
9. Аккредитацияга даярдык иштерин уюштурат.
10. Жылдык отчет даярдайт жана институттун окумуштуулар кеңешине, проректорго сунуш берет.
11. Программанын ишке ашуусуна байланыштуу окуу-методикалык документтерди жүргүзөт.
12. Окуу процессинде инновациялык жана санарип технологияларды киргизүүнү демилгелейт.
13. “Бүтүрүүчүнүн моделин” түзүүгө катышат

**3. ББП жетекчисинин укуктары**

ББПнын жетекчиси төмөнкү укуктарга ээ:

1. Программаны ишке ашырууга тиешелүү маалыматтарды жана документтерди талап кылууга.
2. Программанын мазмунун жакшыртуу боюнча сунуштарды киргизүүгө.
3. Академиялык жана административдик маселелер боюнча институттун жыйынында сөз сүйлөөгө.
4. Окутуучулардын ишин баалоо жана методикалык колдоо боюнча сунуш берүүгө.
5. Студенттердин жана окутуучулардын ишин талдоого жана отчет талап кылууга.
6. Программа боюнча семинарлар, тегерек столдор жана жыйындар уюштурууга.

**4. ББП жетекчисинин жоопкерчилиги**

ББПнын жетекчиси төмөнкү үчүн жооп берет:

1. Билим берүү программасынын сапаты жана мазмуну үчүн;
2. Программанын мамлекеттик стандартка шайкештиги үчүн;
3. Мониторинг жана отчеттуулуктагы маалыматтын тууралыгы үчүн;
4. Билим берүү процессинин натыйжалуулугу жана академиялык дисциплина үчүн;
5. Өз убагында методикалык документтерди даярдабаган учурдагы кемчиликтер үчүн